«КАРАЛГАН»
Филиалдын Окумуштуулар кеңешинин
отурумда
№ 2 протокол
« 21 » 11 2020г.

«БЕКИТЕМИН»
КБФ директору
т.и.к., доц. Касмамбетов Х.Т.
_______________________
« 21 » 11 2020г.

# И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Балта шаарындагы Филиалынын Студенттик кеңеш жөнүндөгү ЖОБО

1. **Жалпы жоболор**

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Балта шаарындагы филиалынын Студенттик кеңеши (мындан ары -К-БФ) студенттердин туруктуу өкүлчүлүктүү органы, студенттик өз алдынча башкаруу органы болуп саналат, ал билдирүү жана студенттердин кызыкчылыгын коргоо максатында түзүлгөн.

1.2.Студенттик кеңеш студенттердин К-БФнын ишинин маанилүү маселелерин талкуулоого жана чечүүгө катышуу укуктарын ишке ашырууну, студенттердин турмуштук маселелерин чечүүнү, коомдук активдүүлүктү өнүктүрүүнү колдоо жана социалдык демилгелерди ишка ашырууну камсыз кылат.

1.3. Студенттик кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, " Билим берүү "жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, КМТУнун жана К-БФнын ченемдик актыларын, ушул Жобону жетекчиликке алат.

2. **Максаттар жана милдеттер**

**2.1.**К-БФнын Студенттик кеңешинин ишинин максаттары болуп саналат:

- студенттердин өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү;
- К-БФнын дирекциясына студенттердин кызыкчылыгын коргоо;
- К-БФда окуган студенттердин укуктарын коргоо;
- студенттерге К-БФнын иши жөнүндө маалымат берүү.

2.2. Бул максаттарга жетүү үчүн Студенттик кеңеш төмөнкү милдеттерди чечет:

- студенттердин илимий жана кесиптик кызыкчылыктарын жана билим берүү программаларынын мазмуну боюнча студенттердин пикирлерин эске алуу менен окуу процессинин сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- студенттерди студенттик турмуштун маселелерин чечүүгө тартуу;
- КМТУнун жана К-БФнын тарыхына, каада-салттарына, символдоруна сый мамилени тарбиялоо, баарлашуу маданиятын жогорулатуу;
- Студенттердин кызыкчылыктарын изилдөө;
- Студенттердин таламдарын козгогон окуу жана социалдык маселелерди чечүүдө, сергек жашоо образын жайылтууда көмөк көрсөтүү;
- Студенттердин салттарын сактоо жана өнүтүрүү;
- Студенттерге КМТУнун филиалынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүү;
- Жаштардын социалдык мааниси бар демилгелерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.

**3. Студенттик кеңештин түзүмү жана түзүү тартиби**

3.1. Филиалдын Студенттик кеңеши окуунун ар бир багыты боюнча студенттердин жалпы чогулуштарында студенттердин жарымынан кем эмесинин катышуусу менен филиалдын Студенттик кеңешинин мүчөлөрүнө студенттердин талапкерлерине добуш берүү жолу менен түзүлөт.

3.2. Студенттик кенеш өзүнүн отурумунда өз мүчөлөрүнүн ичинен төраганы шайлайт.

3.3. Студенттик кеңештин төрагасы бир жылдык төрагасы мөөнөткө, бирок окуунун бүткүл мезгилине эки мөөнөттөн ашык эмес шайланат.

3.4. Филиалдын ички тартибин бузгандыгы үчүн айыптары бар же академиялдык карыздары бар бар студент Студенттик кеңештин төр агасы болуп шайлана албайт.

3.5. Студенттик кеңешке шайлоо түз жана ачык болуп, жыл сайын окуу жылынын биринчи семестринде өткөрүлөт.

3.6. Студенттердин демилгеси боюнча курстарда кезексиз шайлоолор өткөрүлүшү мүмкүн. Мөөнөтүнөн мурда шайлоо болгон учурда студенттердин 2/3 кем эмесине таандык. Мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүү күнүн К-БФнын тарбиялык иштери үчүн жооптуу адам аныктайт.

3.7. Мөөнөтүнөн мурда шайлоо Студенттик кеңештин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурдатоктотулган учурда да өткөрүлөт.

3.8. Студенттик кеңештин мурдагы курамынын ыйгарым укуктары жаңы курам түзүлгөндөн жана Студенттик кеңештин төрагасы шайлангандан кийин токтотулат.

3.9. Студенттик кенештин курамы тиешелүү протоколдордун негизинде Филиалдын директору тарабынан бекитилет.

3.10. Студенттик кеңештин курамына төмөнкүлөр кирет:

- Студенттик кеңештин төрагасы
- Укуктук-патриоттук тарбия жана коонсуздук секторуна жооптуу;
- Маданий-массалык иш-чаралар секторуна жооптуу;
- Дене тарбия жана спорт секторуна жооптуу;
- Студенттердин илимий-изилдөө иштери жана сапаты секторуна жооптуу;

4. **Студенттик кеңештин ыйгарым укуктары**

4.1. *Студенттик кеңеш укуктуу:*

- Студенттердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын көрсөтүүжана коргоо;
- Билим берүүнүн сапатын жана билим берүү кызматын көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча демилгелерди көтөрүшөт;
- Студенттик кеңештин максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн башка студенттик жана жаштар уюмдарынын өкүлдөрү менен кызматташуу;
- Филиалдын Студенттик кеңешинин иши жөнүндө маалыматты эркин жайылтуу жана жүргүзүлүп жаткан иштерди координациялоо;
- Окуу, илимий жана мектептен тышкаркы иш-чаралардын ар кандай чөйрөлөрүндөгү жетишкендиктери үчүн студенттерди сыйлоо системасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;
- Студенттик кеңештин ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон маалыматтарды Филиалдын башкаруу органдарынан белгиленген тартипте суроого жана алууга;

- Студенттик кеңештин максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө багытталган ар кандай башка иш-аракеттерди жүргүзүү;
- Студенттердин Студенттик кеңешине түшкөн бардык арыздарын жана кайрылууларын өз убагында жана белгиленген тартипте кароо:
- Ушул Жобого жана КМТУнун Филиалынын Студенттик кеңешинин иш планына ылайык иштерди жүргүзүү;
- Студенттик кеңештин отурумдарын айына эки жолудан кем эмес өткөрүү;
- Студенттердин коомдук мааниге ээ демилгелерин колдоо;
- К-БФнын дирекциясынын алдында студенттердин кызыкчылыктарын коргоо;
- Өзүлөрүнүн иши жөнүндө Филиалдын жетекчилигине маалымдоо;

## 5. Студенттик кеңештин жетекчилиги

**5.1.** Студенттик кеңештин жетекчилигин Студенттик кеңештин төрагасы ишке ашырат.

**5.2.** Студенттик кеңештин төрагасы:

- Студенттик кеңештин отурумдарын чакырат:
- Студенттик кеңешке отурумдун күн тартибинин долбоорун сунуштайт;
- Студенттик кеңештин отурумдарына башчылык кылат;
- Студенттик кеңештин чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөйт;
- Студенттик кеңештин отурумдарынын протоколдорун бекитет;
- Ай сайын Студенттик кеңешке озунүн иши жөнүндө маалымат берип турат;
- Өзүнө берилген ыйгарым укуктардын чегинде башка функцияларды аткарат.

## 6. Студенттик кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу

6.1. Студенттик кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары анын өз каалоосу боюнча, ошондой эле кеткен же студенттик кеңештин мүчөлүгүнөн чыгарылган учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

6.2. Студенттик кеңештин мүчөсү өзүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда ыктыярдуу жазуу жүзүндөгү арызы боюнча, же жыйналыштын протоколуна киргизилген Студенттик кеңештин жыйналышында оозеки билдирүүсү боюнча токтотууга укуктуу.

6.3. Студенттик кеңештин мүчөсү Студенттик кеңештин демилгеси боюнча Студенттик кеңештин курамынан чыгарыла алат. Студенттик кеңештин курамынын мүчөсүн чыгаруу Студенттик кеңештин жыйынында төрага, же үч адамдан кем эмес мүчөлөр тобу тарабынан көтөрүлөт жана Студенттик кеңештин бардык мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен бекитилет.

6.4. Студенттик кеңештин мүчөсүн чыгарууга төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

- эки ай бою Студенттик кеңештин жыйналыштарына системалуу түрдө катышпай калуу;
- Студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды ишке ашыруудан системалуу баш тартуу.

## 7. Корутунду

7.1. Студенттик кеңеш Студенттик кеңеш жөнүндө ЖОБОГО өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү сунуш кылат. эгерде мындай чечим Студенттик кеңештин

Студенттик кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын 3/4 добушу менен кабыл алынган учурда гана.

7.2. Студенттик кеңештин, филиалдын ишин камсыз кылуу үчүн белгиленген тартипте бөлүнгөн жайлар (кеңселер), байланыш каражаттары, оргтехника жана башка зарыл болгон материалдар, имараттар жана жабдуулар бекер пайдаланууга берилет.

Кыргыз тилине которгон
Эдигеева К.Т.